5. Кыдыралиев К. Этнопедагогика - улуттук нуктагы таанып-билүүнүн жана тарбиялоонун булагы. – Б., 2010. - 488 б.
6. Калдыбаева А.Т. Эл акындарынын чыгармачылыгындагы этнопедагогикалык идеялар. - Б., 2005. - 344 б.
7. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. - Бишкек: Алтын тамыр,

УДК 371.3:812.12.7.
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-296-303

**Айдралиева А. А.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Айдралиева А. А.**
КНУ им. Ж. Баласагына
**Aidralieva A. A.**
KNU J. Balasagyn

ORCID:0009-0009-7061-7202, SPIN-код: 5405-7128

# КЫРГЫЗ ЖАНА АНГЛИС ТИЛДЕРИНДЕГИ КУТТУКТОО КОНЦЕПТИНИН МААНИЛИК ЖАКТАН БӨЛҮНҮШҮ
# СМЫСЛОВОЕ РАЗДЕЛЕНИЕ КОНЦЕПТА ПОЗДРАВЛЕНИЯ НА КЫРГЫЗСКОМ И АНГЛИЙСКОМ ЯЗЫКАХ
# SEMANTIC DIVISION OF THE CONCEPT OF CONGRATULATIONS IN KYRGYZ AND ENGLISH

**Аннотация:** Макалада кыргыз жана англис тилдериндеги куттуктоолордун маанилери каралды жана салыштырылды. Турмушта «куттуктоолор» жакшылык жана ден соолук каалоолорун билдирүү менен тыгыз байланышта экенин көрүүгө болот. Куттуктоолор адресатка жакшы маанай тартуулоого багытталган. Куттуктоо – бул эң оболу адамдардын мамилесинде, адамдык иш-аракетинде камтылган этиканын категориясы. Жакшылык түшүнүгүндө адамдар өздөрүнүн эң жалпы кызыкчылыктарын, тилектерин, келечекке болгон каалоолорун жана үмүттөрүн билдирет. Заманбап түшүндүрмө сөздүктөр боюнча куттуктоо, биринчиден, кубанычтуу, жагымдуу нерсеге байланыштуу саламдашуу, экинчиден, ошондой саламдашууну камтыган текст деп аныкталат. Англис жана кыргыз тилдериндеги “куттуктоолордун” ортосундагы айырмачылыктар менен жалпылыктар эки элдин менталитетине, улуттук каада-салттарына, социалдык чөйрөсүнө, маданиятына карата аныкталат.

**Аннотация:** В статье рассмотрены и сопоставлены значения поздравлений на кыргызском и английском языках. В человечестве «поздравления» тесно связаны с выражением пожеланий добра и здоровья. Поздравления направлены на то, чтобы поднять настроение адресату. Приветствие-это категория этики, которая прежде всего содержится в человеческом отношении, в человеческой деятельности. В концепции добра люди выражают свои самые общие интересы, стремления, желания и надежды на будущее. Согласно, современном, толковом словарьях, приветствие определяется, во-первых, как приветствие,

связанное с чем-то радостным, приятным, а во-вторых, как текст, содержащий такое приветствие. Различия и общие черты между “поздравлениями” на английском и кыргызском языках определяются менталитетом, национальными традициями, социальной сферой, культурой обоих народов.

**Abstract:** The article considers and compares the meanings of congratulations in Kyrgyz and English. In humanity, "congratulations" are closely related to the expression of wishes for good and health. Congratulations are intended to cheer up the recipient. Greeting is a category of ethics, which is primarily contained in human relations, in human activity. In the concept of good, people express their most common interests, aspirations, desires and hopes for the future. According to modern explanatory dictionaries, a greeting is defined, firstly, as a greeting associated with something joyful, pleasant, and secondly, as a text containing such a greeting. Differences and common features between “congratulations” in English and Kyrgyz languages are determined by the mentality, national traditions, social sphere, and culture of both peoples.

**Негизги сөздөр:** куттуктоо, саламдашуу, кубанычтуу, кеп маданияты, тарых, сөздүк, жаңы жыл, туулган күн, сылыктык, салт.

**Ключевые слова:** поздравления, приветствия, радостные, культура речи, история, словарь, Новый год, День рождения, вежливость, традиция.

**Keywords:** congratulations, greetings, joyful, culture of speech, history, dictionary, New Year, Birthday, politeness, tradition.

Куттуктоо коомдук жана маданий компоненти менен олуттуу жана адамдардын сүйлөө өз ара аракеттенүүдөгү маанилүү ролу менен концепт катары каралышы мүмкүн жана туруктуу эмес, себеби, алар кандайдыр бир «маанилердин “түйүнү» болуп саналат. Куттуктоолордун мааниси белгилүү бир коом үчүн жалпы болгон “жашоо-тиричилигинде”, ар бир улуттун жарандарынын жүрүм-турум стереотиптеринин негизинде түзүлөт. Н.М. Шанский өзүнүн сөздүгүндө “куттуктоо” - бул здоровье – ден-соолуктан алынган префикс, ал өз кезегинде ден-соолук деген сөзгө уланган -ити суффиксинин жардамы менен жасалган – деп аныктаган. Демек, бул сөз түзмө-түз «ден соолук каалайм» дегенди билдирет [8.349].

Демек, жогорудагы аныктамалардан улам «куттуктоолор» жакшылык жана ден соолук каалоолорун билдирүү менен тыгыз байланышта экенин көрүүгө болот. Куттуктоолор адресатка жакшы маанай тартуулоого багытталган. Куттуктоо – бул эң оболу адамдардын мамилесинде, адамдык иш-аракетинде камтылган этиканын категориясы. Жакшылык түшүнүгүндө адамдар өздөрүнүн эң жалпы кызыкчылыктарын, тилектерин, келечекке болгон каалоолорун жана үмүттөрүн билдирет. Заманбап түшүндүрмө сөздүктөр боюнча куттуктоо, биринчиден, кубанычтуу, жагымдуу нерсеге байланыштуу саламдашуу, экинчиден, ошондой саламдашууну камтыган текст деп аныкталат. Куттуктоо сөзү жана анын келип чыгышы көбүнчө сылык-сыпаа, экспрессивдүүлүктү күчөтүүчүлөр менен айкалышып колдонулат: жылуу, чын жүрөктөн, чын ниеттен, жан дилимден, чындап ж.б. Мисалы 85 000 сөздү камтыган орусча-кыргызча сөздүктө “куттуктоо” термини мындайча чечмеленет:

1. Куттуктоо, кимдир-бирөөнү куттуктоо, кандайдыр бир ийгиликтери менен куттуктоо; 2. Жаңы жыл менен куттуктоо; 3. Туулган күн менен куттуктоо [5.230]. Кыргыздар жаңы жылды минтип куттукташат: Жаңы жыл жыкшылыктын жылы болсун, Төрүбүзгө бакыттын кушу консун! Ырыскысын аябай Кудай таалам, Тоодой кенен кампабыз данга толсун. Элибизде пейили тарлар азайышсын, Кыз-жигиттер сүйүшүп кат алышсын. Мээрим берип, жараткан кудуреттүү, Оорулуулар онтогон сакайышсын [6.183]. Ал эми жаңы тамга

киргенде: Жаңы салган үйүңөргө кут консун, саябан дарактуу, кербен сарай болсун, санаасы бузук кирсе, дили агарып кайцын, кеселман кирсе, ооруусу айгып, айкыш. Корооң ырыс-ыйманга койундаш ойногон уул-кыздарга толсун. Иргенден май агып турсун, иргелген досторун келип, сайран курсун» - деп куттукташат [1.26]. Мисалы, бала төрөлгөндө кыргыздар: Аман-эсен эр жетип, башына алтын куш консун. Келечектеги кең болуп, Бак-таалайга туш болсун, Эр азамат уул болсун [4.230].

Ал эми Ушакованын сөздүгүндө куттуктоо терминине мындайча мүнөздөмө берилген: Куттуктоо - (алып келүү, алуу) – ийгиликтүү, майрамдарда атайын куттуктоо үчүн түзүлгөн текст; Почта аркылуу куттуктоолорду алыңыз. Куттуктоо - кимдир бирөөгө, бир нерсеге кубаныч сезимин билдирүү, кандайдыр бир жагымдуу учурга же окуяга байланыштуу учурашуу Ийгилик менен, ыйгарылган сыйлыктар, жеңиш күнү менен, туулган күнүң менен куттуктайм. Birthday girl, today’s your day! Time to eat cake, sing songs and play! There are so many ways to have birthday fun.Here’s hoping you get to do every one! I wish you Happy birthday and hope you’ll have a great day! (Мен сени туулган күнүң менен куттуктайм жана бул күндү жакшы өткөрөт деп ишенем) [7.41].

Азыркы учурда коомдогу майрамдын көбөйүшүнө, жашоо-шарттын ар тараптуу өнүгүшүнө, тышкы факторлордун таасири астында, глобализациялык шартка жараша куттуктоолордун мазмуну дагы өзгөрүү жолунда болуп келет. Ошентип, мисалы, куттуктай турган бир катар иш-чаралар (кызматкердин эс алуусу, адамдын юбилейлери, сүйүү күнү, машина алуусу, там салуусу, конокко келүүсү, байгени жеңип алуусу ж.б.) Эгерде кыргыз тилиндеги сөздүктөрдө “куттуктоо” ийгиликтерде гана айтылгандагы белгилүү болсо, азыркы учурда куттуктоонун жазма формасы өнүктү. Айрыкча мындай куттуктоолор учурда телефон аркылуу, коомдук иш-чараларга мамлекеттик кызматкерлер тарабынан, көрүнүктүү инсандардын маарекелеринде жана открыткаларга жазылып берилет. Мисалы куттуктоо баракчасы, белекке жазылган текст, презентация белек, ыраазычылык кат, куттуктоо сөзү, кубаныч же тилектештик билдирүүсү ж.б.у.с. Е.В.Вдовина өзүнүн диссертациялык ишинде куттуктоо концепттерин мындайча аныктаган: Оң сезимдерди жана эмоцияларды билдирүү; Ырахат, кубаныч; Көңүл буруу; Жакшы ниет; Сыйлоо, сүйүү жана баалоо белгиси; Чакырылган адамдын сезимдерин билдирүү; Майрамдык иш-чарага карата айтылган жакшы сөздөр, салтанаттын баатырына айтылган каалоо [2.75].

Ар бир улуттун өзүнүн сүйлөө этикеттик белгилери бар. Ошол элдин маданиятына, тарыхына байkаныштуу туруктуу этикеттик формалары жашап келет. Коомдогу заманбап шарттарга ылайык, улуттун салттуу кеп этикеттери дагы көпчүлүк учурда өзгөрүүлөргө учурайт. Этикеттик салттуу маданият жалпысынан жүрүм-турумга жана өзгөчө сүйлөө жүрүм-турумуна карата мүнөздөлөт. Этикеттин эрежелерин сактабаган адам начар билимси, адеп-ахлаксыз же кемсинтүүчү катары кабылданат.

Азыркы ааламдашуу процессинде тышкы байланыштардын натыйжасында ар кандай элдердин ортосунда сүйлөө этикетиндеги айырмачылык идеясы көбүрөөк өнүккөн жана башка элдин сүйлөө жүрүм-турумун тууроо көндүмдөрү ал тургай коомдун мүчөсү үчүн сыймыктануунун булагы болушу мүмкүн. Кеп этикети улуттук тилдин жана маданияттын маанилүү бөлүгү бойдон калууда. Эгерде чет элдин кептик этикеттерин, сүйлөө коммуникациясынын эрежелерин билбесе жана иш жүзүндө колдоно билүү камтылбаса. Чет тилин билүүнүн жогорку деңгээли жөнүндө сөз кылуу мүмкүн эмес, Айрыкча сүйлөө этикетине адамдардын коштошуу, өтүнүч, кечирим суроо, ар кандай кырдаалдарда кабыл

алынган кайрылуу формалары, сылык сүйлөөнү мүнөздөөчү интонациялык өзгөчөлүктөр ж.б.

Ар бир улуттун эзелтеден калыптанып калган куттуктоо маданияты бар. Англис жана кыргыз тилдеринде эки жаштын баш кошуу тоюнда айтылуучу куттуктоолор өтө арбын. Кыргыздарда: Алла берген ак өргөнөр жапжаңы, Бул кубаныч эшигин кең ачканы. Ушул үйдөн силер үчүн ар дайым, Жакшы күндүн ата берсин ак таңы. Эки жаш кармашкан колуңар бекем болсун! Эгин эгээрде колуңарга кетмен болсун! Ороорго колуңарда орок болсун! Орооңорго түмөн байлык топтолсун! Жашоонор до чексиз өмүр болсун! Куттуу болсун ак никелүү тоюңар. Орундалсын көптөн күткөн оюңар, Келечекке карай кадам таштаган. Шыдыр болсун, ачык болсун жолуңар! Жолуңарга эч ким тоскоол болбосун, Жашооңорго ынтымактар орносун. Кош теректей бирге өсүп экөөңөр, кorooңордо наристелер ойносун! [9.95]. Англис жана кыргыз элдеринде баш кошуу үлпөтү эң башкы майрамдардан болуп саналат. Башка майрамдарга карганда эки жаштын баш кошуу тоюнда өтө арбын куттуктоолор айтылат.

You’re in love... it’s wonderful!
Wish for your family good luck.
Let cup of wealth always be full
And in routine never get stuck.

Wish you can love, respect, forgive.
Let your hearth will be full of friends,
Laughing of kids. Whenever you live
Tell always for half “You’re the best!”
Сиз сүйүп калдыңыз. Кандай сонун!
Башыңа амандык тилеймин.
Береке тоскон ар дайым,
Күнүмдүк турмуш сизди ылдый тартуусуна жол бербеңиз.
Сүйүүнү, сыйлаганды билгиле,
Керек болсо кечиргиле.
Үйүңүздө досторуңар толо болсун!
Араңарда балдардын күлкүсү болсун!
Булуттар канчалык калың болсо да,
Бири-бириңерге: «Силерден артык эч нерсе жок!» -деп куттук сөзү айтылат англис тилинде [10]. Кыргыз элинде жаш жубайларга «көп балалуулукту», «эмгекчилдикти», «ынтымактуулукту», «бактылуулукту», «узун өмүр жашты» кааласа, англичан элдеринде «сүйүүнү», «ийгиликти», «жакшы сөздү» каалашат. Биз жалпы жолунан кыргыз тилиндеги куттуктоолорду маанисине жараша төмөнкүдөй бөлүштүрдүк.

**Таблица 1.**

| Жаш балдарга арналган куттуктоо | Бой жеткенде айтылуучу куттуктоолор | Туулган күндөрдө айтылуучу куттуктоолор | Турмуш-тиричиликке байланыштуу айтылуучу куттуктоо | Белгилүү майрамдарда айтылуучу куттуктоо | Кесипчиликке байланыштуу куттуктоо |
|---|---|---|---|---|---|
| Төрөлгөндө Бешикке салганда Кыркын чыгарганда Сүннөткө олтургузганда Мектепке барганда Мектепти аяктаганда | Кыз узатканда Сөйкө салганда Баш кошкондо | Отуз жашта Элүү жашта Алтымыш жашта 90 жылдык маарекеге куттуктоо Күмүш той Алтын той | Аскердик кызмат өтөөдөн келгенде Алыскы сапардан келгенде Там тойдо Машина алганда Жалпы элге куттуктоо Досторду куттуктоо Кудаларды куттуктоо Максатташтарды куттуктоо Дыйканды куттуктоо Теңтушту куттуктоо Максатташтарды куттуктоо | Жаңы жылды куттуктоо 23-февраль мйрамын куттуктоо 8-март Аялдардын Эл аралык күнүндө 9-май Улуу Ата-Мекендик согуштун жеңиши күнүндө 21-март Нооруз майрамы Мусулмандардын Курман айты Орозо айт | Жаңы кызматка орношкондо Саяпкердин ийгилигин куттуктоо Мергендин ийгилиги Баатырды куттуктоо Дыйканга айтылуучу куттуктоо Таланттуу адамды куттуктоо |

Англис тилинде адамдар белгилүү, диний майрамдары менен, кимдир бирөөнүн жашоосундагы кубанычтуу окуялар менен (үй-бүлө куруу, үйлөнүү, баланын төрөлүшү, жогорку окуу жайга тапшыруу, диплом алуу, илимий даражага ээ болуу, каалаган наам, көтөрүлүү, туулган күнү, ж.б.) куттукташат. Көпчүлүк учурда англис тилинде досторду, классташтарды, тааныштарды, ата-энелерди, кошуналарды, кесиптештерди, билим ээлерин куттукташат. Британдыктар менен кыргыздар үчүн иш-чаранын алдын ала куттуктоо салт эмес. Ар дайым майрам келгенде гана куттукташат. Эгерде өз учурунда куттуктоого мүмкүнчүлүк болбосо, анда бир нече күндөн кийин деле куттуктап коюу туура деп белгиленген. Бул учурду кыргыз элинде “Ийгиликтин эрте-кечи жок” деп коюшкан. Куттуктоодон баш тартууну сабатсыздык, адепсиздик гана эмес, кас адам, пикир келишпестик (ийгиликтер менен) деп да түшүнүшөт.

Англис тилинде куттуктоолор күнүмдүк жашоодо да, расмий куттуктоолордо да узак эмес экендиги мисалдардан байкалат. Айрыкча анда аларда мээримдүү жана оптимисттик маанайдагы сөздөр айтылат. Кыргыздарда айрыкча, куттуктоолор ыр түрүндө, текст түрүндө жана узак сүйлөмдөр менен айтылат. Англис тилинде кеп этикетинин салттарына ылайык, үй-бүлөлүк, жеке майрамдары менен куттуктап коюу салтка айланган: туулган күн, үйлөнүү, мелдештерде жеңиш ж.б. Англия эли кыргыздар майрамдабаган, «Сулуу Пасха», «Ыйык Валентин күнү», «Коркунучтуу Хэллоуин», «Ыйык Патрик», «Апрель күнү», «Үйлөнүү үлпөт күнү» майрамын белгилешет. Мисалы: Warm wishes for a wonderful Easter! – Сулуу пасха менен куттуктайбыз! Happy St. Valentine's Day –Ыйык Валентина күнү менен! Spooky Halloween! - Коркунучтуу Хэллоуин менен! Happy St Patrick's Day – Ыйык Патрик Күнү менен! Нике кыюу күнүңөр менен куттуктайбыз! Чыдамсыздык менен зор ийгиликти күтөбүз! Best Wishes on Your Wedding Day!-Баш кошкон күнүңөргө жакшы тилектерди каалайбыз! Англис тилинде куттуктоолор мааниси боюнча "жалпы", "эмоционалдуу-көркtөндүрүүчү", "официалдуу", "жеке" (үй-бүлөлүк, сүйүктүүнү куттуктоо), "корпоративдик" (ишкер, партнердук, кесиптештерди куттуктоо, башчыны жана кол алдындагы адамды куттуктоо), адресатка багытталган кыскача куттуктоолор", "каалоо-тилек менен куттуктоолордун биргелешкен формасы", "адресанттын колу коюлган куттуктоо" болуп бөлүнөт. Мисалы жалпы куттуктоолор: Merry Christmas! Веселого Рождества! Көңүлдүү Рождество тилейм! Happy New Year! Жаңы жылыңыз менен! С Первым мая! Биринчи май майрамыңызыз менен! (May Day greetings to you!). Жакшы аба-ырайы менен куттуктайм! Fine weather is here at last! Алгачкы жаз гүлдөрү менен! Spring has come! Туулган күнүңүз менен! Happy birthday! It's your wedding anniversary. Congratulations! Бир жылдык үйлөнүү тоюңар менен! Куттуктайбыз! Күмүш тоюңар менен куттуктайбыз! Congratulations on your golden wedding/jubilee. Алтын тоюңар менен! С женитьбой! Let me congratulate you on your marriage. Баш кошкон күнүңөр менен куттуктайм! Best Wishes on Your Wedding Day! Турмушка чыкканыңар менен мыкты каалоо - тилектерди айтабыз! I've heard you got married. Congratulations! С рождением ребенка! Let me congratulate you on the birth of your child. Туулган күнүңүз менен куттуктайбыз! I hear you got your first pay/ wages. Congratulations! Биринчи эмгек акы алышың менен куттуктайбыз! Congratulations on your lucky win! С удачей! Ийгиликтүү утушуң менен! Congratulations on your good luck! Келишиң менен! Welcome! Кайтышың менен. Ийгиликтүү окуяны эскерүү менен адресаттын атын атап куттуктоо. Dear Mary, Happy New Year! Merry Christmas to all the Smiths! Happy Easter, Mr. and Mrs. Jones и т. Кымбаттуу Мэри, жаңы жылыңыз менен! Бардык Смиттерге бактылуу Рождество тилейм. Мистер жана миссис. Жалпы жолунан, англис тилиндеги куттуктоолорду 2-таблицага жайгаштырдык.

**2-таблица**

| Жалпы куттуктоолор | Эмоционалдуу-көркtөндүрүүчү куттуктоолор | Расмий куттуктоолор | Жеке (үй-бүлө, достор, жакындарына каалоолор) | Корпоративдик (бизнес, өнөктөш, кесиптештерге каалоолор жетекчи же кол алдындагылар). |
|---|---|---|---|---|

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Merry Christmas! Веселого Happy New Year! С Новым Годом! С Первым мая! Congratulations! (May Day greetings to you!) Fine weather is here at last! С первыми весенними цветами! Spring has come! Happy birthday! С годовщиной свадьбы | My sincere congratulation on/upon... With all my heart I congratulate you on/upon... My warmest/most heartfelt congratulations on/upon...My warmest congratulation on/upon... | May I congratulate you on/upon... May I express my congratulations on/upon... Please accept my congratulations on/upon... Please accept my sincerest/ most sincere/ heartiest/ most heartfelt/ warmest congratulations... | Christmas greetings and best wishes for the New Year! Let the coming year bring you only positive emotions and expectations! | I hope the New Year will be a year of great happiness and success for you. Have a wonderful celebration! |

1. Жогорудагы англис тилиндеги кутууктоолорду карап олтуруп, кыргыз тилдегидей эле "Куттуктоо" коммуникативдик кырдаалы менен ажырагыс байланышта экенине күбө болдук.
2. Англис тилинен айырмаланып Кыргызстанда бир катар диний, коомдук, кесиптик, юбилейлик майрамдар белгиленип, анда англис тилиндеги сүйлөө этикетинде колдонулбаган каалоо-тилектер айтылат. Мисалы: "Жентек той", "Баланын кыркын чыгаруу", "Сүннөткө олтургузганда", "Мектепке барганда", "Мектепти аяктаганына 10-20-30 жыл болгондугуна!", "Нооруз", "Курман Айт", "Орозо Айт", тушоо кесүү, бешикке баланы салуу, баланын кыркылыгы, үй алганда, сүннөткө отургузуу, саяпкердин ийгилигин куттуктоо, мергендин ийгилиги, баатырды куттуктоо, дыйканга айтылуучу куттуктоо, таланттуу адамды куттуктоо сыяктуу каалоо-тилектер орун алган эмес.
4. Биз жогоруда баса белгилегендей, англис тилиндеги оозеки сигналдар көбүнчө токтоо болуп саналат, көпчүлүк майрамдык куттуктоолор кыргызча учурашууга караганда өтө кыска угулат.

Жалпы жолунан алганда, англис жана кыргыз тилдериндеги "куттуктоолордун" ортосундагы айырмачылыктар менен жалпылыктар эки элдин менталитетине, улуттук каада-салттарына, социалдык чөйрөсүнө, маданиятына карата аныкталат.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Ашымбаев К. Улуу сөз-уюткусу. «Эркин –Тоо» ААК. Бишкек. 2014. 44. 26-б.
2. Вдовина.Е. В. Поздравление и пожелание в речевом этикете: концептуальный и коммуникативный анализ. 10.02.01. Диссертация на соискание ученой степени кандидата филологических наук. М.2007.181.75
3. Даль В.И. Толковый Словарь живого великорусского языка в 4 томах. - М., 1989.234.

4. Дөөлөт Турумов.Тосттор, каалоолор, макал-лакаптар. Бишкек шаары ОАО "Эркин-Тоо басмаканасы.Эркиндик 65.3-183.
5. Русско-киргизский словарь. III том. Бишкек.2012.230
6. Турумов Дөөлөт. Тосттор, каалоолор, макал-лакаптар. Бишкек шаары ОАО "Эркин-Тоо басмаканасы.Эркиндик 65.3-222.34.
7. Толковый словарь Ушакова. Available at: https://ushakovdictionary.ru.
8. Шанский Н.М. Лексикология современного русского языка. М.: «Просвещение», 1972. 349).
9. Эстебесов Э.Баталар, тосттор. Бишкек. 2015. "Сөздөр" басмаканасы. 156. 84-156.
10. https://puzzle-english.com/directory/congratulations.

УДК 37.017.92(575.2)(04)
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-303-307

**Байтокова А. С.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Байтокова А. С.**
КНУ им. Ж. Баласагына
**Baitokova A.S.**
KNU J. Balasagyn

## ЖАШ МУУНДАРДЫ КАЛЫПТАНДЫРУУДАГЫ ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАНЫН РОЛУ
## РОЛЬ НАРОДНОЙ ПЕДАГОГИКИ В ФОРМИРОВАНИИ МОЛОДОГО ПОКОЛЕНИЯ
## THE ROLE OF NATIONAL PEDAGOGY IN THE FORMATION OF THE YOUNG GENERATION

**Аннотация:** Макалада элдик педагогиканын баалуулуктарына кайрылып, элибиздин кылымдардан келе жаткан тажрыйбаларын колдонуу менен андагы баалуулуктарды келечек муундар үчүн сактап калуу маселеси каралат. Аталган темадагы макала бүгүнкү күндө балдарды элдик педагогиканын жана улуттук баалуулуктардын негизинде тарбиялоого арналган маселелерди толук камтый алат. Макала элдик тарбиянын үлгүлөрүн жаш муундарды тарбиялоодо колдонууну сунуш кылат жана Ата журттун эркиндиги үчүн күрөшүүгө даяр, элдин ынтымагын, ата-бабалардын нарк-нускалуу сөздөрүн, каада-салтын, улуттун ар-намысын ыйык сактаган, бийик туткан инсанды тарбиялап өстүрүүгө салым кошууга даяр келечек муунду калыптандыруу маселесин козгойт.

**Аннотация:** В статье говорится о народной педагогике и рассматривается проблема сохранения ее ценностей для будущих поколений с использованием многовекового опыта нашего народа. Статья на указанную тему в полной мере освещает вопросы воспитания детей в настоящее время на основе народной педагогики и национальных ценностей. В статье предлагается использовать модели народного воспитания в воспитании подрастающих поколений.Ставится вопрос о формировании будущего поколения, борющегося за свободу Родины, сохраняющего единство народа, ценное слово предков, традиции и честь нации, готового внести свой вклад в воспитание благородной личности.